13. **Муртазина, Л.Р.** Педагогический анализ деятельности ликбезов (на примере республики Татарстан) [Текст] / Л.Р. Муртазина. - Казань, 2002.

Поступила в редакцию: 08.10. 2024 г.

**УДК: 39:392/395(575.2)**

***Ахмедова (Охунова) Г.А.***
*ст.преп. Кыргызско-Узбекс. Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## ОШ ШААРЫНДАГЫ ӨЗБЕКТЕРДИН ҮЙЛӨНҮҮ ҮЛПӨТҮНӨН КИЙИН ӨТКӨРГӨН КААДА САЛТТАРЫ ЖАНА ИШ-ЧАРАЛАРЫ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары Ош шаарындагы өзбектердин үйлөнүү тоюнан кийинки каада-салттары жана жөрөлгөлөрү каралып жатат. Изилдөөнүн максаты: Ош шаарындагы өзбектердин үйлөнүү тоюнан кийинки каада-салттары жана жөрөлгөлөрүн таанышуу болуп саналат. Үйлөнүү үлпөтүнөн кийин өзбектер жамааттык социалдык жана маданий турмушунда маанилүү элемент болгон өзгөчө каада-салттарын сактап калышат. Изилдөөдө «үйлөнүү үлпөтүнөн кийинки кабыл алуулар», кыз менен күйөө баланын туугандарынын өз ара зыяраттары, жаңы келинди күйөөсүнүн үй-бүлөөсүнө өткөрүп берүү менен байланышкан ырым-жырымдар, ошондой эле белектердин жана сый-урматтын символикалык маанисине көңүл бурулган. Келиндин жаңы үй-бүлөгө кошулуу процессине жана анын үй-бүлөөлүк байланыштарды чыңдоодогу ролуна өзгөчө көңүл бурулат. Бул каада-салттардын үй-бүлөө жана коңшулук мамилелерди чыңдоо, маданий өзгөчөлүктү сактоо жана салттуу баалуулуктарды өткөрүп берүү сыяктуу негизги функциялары аныкталган. Бул практикаларды талдоо менен, алар каада-салтты, үй-бүлөнү жана бүтүндөй коомчулукту сыйлоо баалуулуктарын чагылдырганын көрүүгө болот. Макала жер-жерлерде жүргүзүлгөн изилдөөлөргө, Ош шаарынын тургундары менен болгон маектерге, ошондой эле этнографиялык булактарга талдоо жүргүзүүгө негизделген, бул бизге үйлөнүү үлпөтүнөн кийинки ырым-жырымдардын заманбап шарттарда сакталышы өзгөрүшү жана боюнча ар тараптуу түшүнүк алууга мүмкүндүк берет.*

***Негизги сөздөр:*** *үйлөнүү үлпөтүнөн кийинки ырым-жырымдар "жүз ачты", "келин көрдү", "ата көрдү"; Оштун өзбектери; үйлөнүү үлпөттөрү; үй-бүлөлүк каада-салттар.*

## ТРАДИЦИИ И МЕРОПРИЯТИЯ УЗБЕКОВ ГОРОДА ОШ ПОСЛЕ СВАДЕБНОЙ ЦЕРЕМОНИИ

*В данной работе предметом исследования рассматриваются традиции и мероприятия, связанные с постсвадебными обрядами узбеков г. Ош. Цель исследования: изучить традиции и мероприятия, связанные с постсвадебными обрядами узбеков города Ош (Киргизия). После проведения свадебной церемонии у узбеков сохраняются особые обычаи, которые представляют собой важный элемент социальной и культурной жизни общины. Исследование уделяет внимание таким аспектам, как «послесвадебные приемы», взаимные визиты родственников жениха и невесты, обряды, связанные с передачей новобрачных в семью мужа, а также символическое значение даров и угощений. Особое внимание уделено процессу интеграции невесты в новую семью и её роли в укреплении семейных связей. Выявлены основные функции этих обычаев, такие как укрепление родственных и соседских отношений, поддержание культурной идентичности и передача традиционных ценностей. Анализируя эти практики, можно увидеть, как они отражают ценности уважения к традициям, семьям и общности в целом. Статья опирается на полевые исследования, интервью с жителями г. Ош, а также на анализ этнографических источников, что позволяет получить всестороннее представление о трансформации и сохранении постсвадебных обрядов в условиях современности.*

***Ключевые слова:*** *постсвадебные обряды «жүз ачты», «келин көрдү», «ата көрдү»; узбеки Оша; свадебные традиции; семейные обычаи.*

# TRADITIONS AND EVENTS OF UZBEKS IN OSH AFTER THE WEDDING CEREMONY

*This article discusses the traditions and events associated with the post-wedding rites of the Uzbeks in Osh city. After the wedding ceremony, Uzbeks retain special customs that represent an important element in the social and cultural life of the community. The study pays attention to such aspects as "post-wedding receptions", mutual visits of relatives of the bride and groom, rituals associated with the transfer of newlyweds to the husband's family, as well as the symbolic meaning of gifts and treats. Particular attention is paid to the process of integration of the bride into a new family and her role in strengthening family ties. The main functions of these customs have been identified, such as strengthening family and neighborly relations, maintaining cultural identity and transferring traditional values. By analyzing these practices, one can see how they reflect the values of respect for tradition, family and community as a whole. The article is based on field research, interviews with residents of the Osh city, as well as an analysis of ethnographic sources, which allows us to obtain a comprehensive understanding of the transformation and preservation of post-wedding rituals in modern conditions.*

***Key words:*** *post-wedding rituals "juz achty", "kelin kordu", "ata kordu"; Uzbeks of Osh; wedding traditions; family customs; cultural identity; family ties.*

Өзбектердин үйлөнүү үлпөтүнөн кийинки каада-салттары, үйлөнүү үлпөттөрү тойго чейинки жана үйлөнүү үлпөттөрүнөн кем калышпайт. Бул болсо өзбек элинин маданиятынын, тарыхынын бай экендигинен кабар берет. Андан кийин үйлөнүү үлпөтүнөн кийинки кээ бир майда жөрөлгөлөрдү карап чыксак. Бул иш-чаралар үй-бүлө мүчөлөрүнүн, жакындарынын, башкача айтканда, аз сандагы адамдардын катышуусунда өткөрүлөт.

Үйлөнүү үлпөтүнөн кийинки алгачкы жөрөлгөлөрдүн арасында «Жүз ачты», «Келин көрдү», «Келин салам» деген салттар бар. Жүз ачты же бет ачты тойдун экинчи күнү эртең менен өткөрүлөт. Азыркы учурда Оштогу кээ бир өзбектер жүз ачты жөрөлгөсүн да бир күндө өткөрүп жатканын байкалат жана иш-чарада эркектер такыр катышпайт. Бул салтанат да Ош шаардын көп жерлеринде ушул терминдер менен белгилүү болгон [5]. Салтанатка болсо жакын туугандары, коңшулары, достору келишет. Чогулгандардын баары жаңы келген келинге белектерди алып келет. Жеңелери келинди бет ачар аземине жакшылап даярдашат. Келинди жеңелери жаңы кийимдерин кийгизип даярдап алып чыгат да, ушул күнү келин дагы бир сыноону жеңет деп эсептешет. Бул жөрөлгөдө келиндин акылы, чыдамкайлыгы да сыналат. Жүз ачты же келин салам бул жөрөлгө бири-бирин толуктап турат. Бирок эки жөрөлгө сырткы көрүнүшү жагынан окшош болгону менен мазмуну боюнча айырмаланат. Мисалы, келиндин жүзү ак жабылып, ал алынгандыктан ушундай аталып калган. Ал эми жүз көрөөрдө, негизинен, күйөө баланын үй-бүлө мүчөлөрүнө келинди тааныштыруу аземи болот. Аларды өткөзүүнүн тартиби да башка болот. Кошумчалай кетсек, бул жөрөлгө «рубинон» деген ат менен өзбектер гана эмес, тажиктер арасында да кеңири жайылган [2]. Таң эрте "Жүз ачты" жөрөлгөсү башталар алдында кыз тараптан келинге эртең мененки тамак, башкача айтканда, кичинекей "чүчпара" берилет, ага кошуп себетке шириндиктер да алынып келинет. Ал шириндиктер келин менен күйөөнүн эртең мененки тамагы болуп саналат. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында жүз ачты бардык жерде бирдей өткөрүлөт деп эсептелбей турганы аныкталган. Ар бир жердин өзүнө жараша коздугу бар. Маселен, Араван районунда өткөн жүз ачты менен Ош шаарындагы жүз ачты айырмаланат [7]. Эртең менен бет ачарга, башкача айтканда бет ачууга даярдык башталат. Салтанат үйлөнүү үлпөтүнүн экинчи күнү болот. Кабарчылардын берген маалыматына караганда, бул жөрөлгөгө даярдык тойго камынгандай дайындалат [7]. Жүз ачтыга келиндин апасы тойго даярдангандай даярданып, күйөө баланын жакындарына да өзүнчө кийит даярдап келет. Ошого жараша күйөө баланын ата-энеси да кайтарышат. Бардык таттуулар тамактар жеп бүткөндөн кийин иш-чаранын

негизги бөлүгү башталат. Бул жөрөлгөлөргө дайыма бактылуу өмүр сүргөн, көп балалуу аялдар катышаарын өзүнчө белгилей кетүү керек. Көшөгөдөн чыккан келин түрдүү көйнөктөрүн кийип чыгып келген конокторго салам берет. Салам берип болгон соң бөлмөдөн конокторго артын салбастан чыгып кетүүсү керек болот. Андан соң атайын жай даярдалып, супура жайылат. Жогоруда айтылгандай. бактылуу өмүр сүргөн аялдар, күйөө баланын үй-бүлөсүнүн аксакалдарынын жана чоң аталарынын макулдугу менен жөрөлгө аткарылат, анткени бул жөрөлгө аялдардын катышуусунда гана болуусу зарыл жана бир гана аксакалдардын уруксатын алгандан кийин өткөрүлөт. Бардыгы орундугун алган соң салтанат башталат жана дасторконго шорпо, аш коюлат. Келинден келген бийик жыйылган төшөктөрдү астана жакка жылдырылып, ушул менен азем башталат. Келиндин жүзү жабылган жоолукту мөмөлүү дарактын шагы менен эң кичүү үйдүн кызы же баласы тарабынан алынат. Келиндин колуна ун себелеп, «өмүрүң берекелүү болсун, колуң камырдан чыкпасын» деп ураан чакырып, унду сүртүп, акырындык менен май салып «майлоо» кайталанат. Андан кийин колун сүртүп «бышкан аш» кошулат, ошентип келиндин колунан таттуу аш жасалат. "Ушул үйдө келиндин колунан даамдуу тамак жасалсын"- деп кайталап айтылып жана келинге аталган бата берилет. Тегерегинде отургандар болсо келин менен үйдүн ээсин куттуктап келгендер [1]. Бул аземде кыз күйөө баланын бардык туугандары менен бирден жана бетме-бет тааныштырылат. Келин аземге келгендердин баарына таазим кылат. Анын ичинде туугандарына салам айтуу кирет. Келин жактан күйөө баланын энесине, эжесине, чоң энесине атайын жаздыкча, жууркан белек берилет. Жүзү ачылып, келиндин учурашуусу элдин сүйүнүүсү жана кубанычы менен шаңдуу белгиленет. Бул жөрөлгөдөн келин үй-бүлө мүчөлөрүнүн катарына кошулганын, алар менен бирге болоорун сезет. Ушул сыяктуу жүз ачты аземи башка салттар сыяктуу эле ар кандай көрүнүшкө ээ. Бул жөрөлгө эзелтеден бери жашап келе жаткан өзбек элине гана таандык эмес, ал карлук, казак, кыргыз, кыпчак элдеринин, каракалпак, өзбек урууларында да «Бош оров» деген ат менен белгиленет [6]. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында бул жөрөлгөдө Жогорку Зарафшондо личак кийүү, же баш кийим кийүү өзгөчө ырым-жырым менен аткарылган. Личак - аялдардын баш кийими, үч бурчтук формада тигилет. Башты жана ээк астын, көкүрөктүн үстүн жаап турат. Личак ак кездемеден тигилет. Личак - казактарда, кыргыздарда элечек, каракалпак аялдардын элечеги менен жакындыгы бар [3].

Тойдон кийин бардык ырым-жырымдарды бүтүргөндөн кийин коноктор өз үйлөрүнө кайтышат. Келиндин жанында жеңелер калат. Жогоруда айтылган жөрөлгөлөр аягына жетип, келин тараптан келген меймандар узатылып, ушу менен тойго арналган каада салттар, жөрөлгөлөр өз аягына жетет. Жүз ачты күнү күйөө бала, күйөө жоролору менен жар-жар астында үйгө келет. Келин, күйөөгө арналып салынган жайдын дагы өзүнчө адаттары болгон. Алардын төшөгүн бала-чакалуу болсун деп келин менен күйөөнүн туугандыгы бар аялдар салышкан. Бул келечекте келин менен күйөөнүн көп балалуу болсун деген ырым болуп саналат. Кийинки күнү төшөк жыйдыда келин күтүлгөн натыйжаны бербесе, катуу кордонгон. Бирок азыркы учурда замандын өзгөрүүсү менен жаштардын дүйнө карашын алсак мындай учурлар өтө аздан аз учурайт. Кездешкен учурда да аны эл алдына алып чыгышкан эмес. Бүгүнкү күндө бул статустун кыскарышы жана жай салуунун ордуна заманбап керебеттердин коюлушу ушул салттардын азайып жок болуп баратканын билдирет.

Акыркы он жылдыкта келин салам, жүз ачты, нике тойлор кеч өткөзүлө баштады. Кээ бир үй-бүлөлөр бул салтты такыр өткөрбөйт. Социологиялык сурамжылоодо азыркы күндө "Келин салам" тойканада өтүп жатканы туурабы деген суроого - 48% киши "ооба, туура" деп жооп берсе; 47% киши "жок, туура эмес" деп жооп берди. Мындан, көпчүлүк эки салтты бир

кылып өткөргөн натыйжасында тойкана пайда көрөт жана келин салам каражаттары азаят деп ойлосо, кээ бирлери бул салттык жактан туура эмес деп эсептешет.

Памирлик кыргыздардын үрп-адатын изилдеп көрсөк, тойдон кийин күйөө бала кыз тарапка барып, 40 күн жашап, ошол жерде кызмат өтөйт [4].

Ал эми Хоразм шаарында кечке жакын күйөө бала бир нече жоролору жана эки-үч аялдын коштоосунда келиндин ата-энесинин үйүнө барышат. Күйөө балага төшөк салынып, үйгө алынып кирилет. Күйөө баланын биринчи келүүсүнө салттык тамагы "актык"маанисин түшүндүрүүчү сүт ашты эл арасында "пайгамбар ашы" деген, "күйөө баланы пайгамбар сыйлаган" - деген сөзгө амал кылынат [7].

Ош шаарындагы өзбектердин салты боюнча үйлөнүү үлпөтүнө күйөө бала жоролору менен колуктуну «чакырганда» гана барышат. Бүгүнкү күндө бул салттын төмөндөп баратканы ачык көрүнүп турат. Акыркы 5-10 жылда кыздын үй-бүлөсүн көп чыгымга учурабасы үчүн, үйлөнүү үлпөтүнөн кийин же бир жумадан кийин барышат. «Кыз бергенге кырк жыл тийбе» деп элибиз бекеринен айтпаса керек.

Үйлөнүү үлпөт тою өткөндөн соң күйөө бала менен келиндин чилде мезгили башталат. Чоң чилде 40 күн жана кичинекей чилде 20 күн. Ош шаарында келин жүз ачтынын эртеси сыртка чыгып, кызматын аткарат. Араван районунда келинге 3-7 күн үй жумуштарын жасоого тыюу салынган, келиндин акырындап бул үйгө көнүшүнө жардам берет [7]. Ошол эле күндөрү кечке суук сейилдөөдөн баш тартуу сунушталат. Илгертеден келе жаткан салт боюнча, кыз-келиндер кечкисин көчөдө же бир жерде жүрсө, жаман адамдар менен сүйлөшсө, алардын сапаттары таасир этет деп эсептелет. Ошондой эле, никеде турган кыз-жигиттерге жин-шайтандар, зыянкечтер өзгөчө тез таасир этет деген ишеним бар. Алардын канчалык чын экенине кепилдик берүү оңой эмес, бирок жаштарды өз үйүндө таза, аруу жана жөнөкөй болууга үндөө болуп саналат. Бул күйөө баланын адамдык сапаттарын сактоого жана өнүктүрүүгө стимул болуп саналат. Андан соң чилде чыккандан кийин келиндин ата-энесинин каалоосу боюнча «Кыз чакырды» өткөзүлөт. Бул тууралуу жогоруда айтылган. Кыркы чыгаар күндө келиндин жакындары, тамак даярдашат. Өзбек элинин дагы бир салты – "Кырк күн келин түшкөн үйгө тамак ташуу". Бүгүнкү күндө замандын, дүйнө таанымдын өзгөрүүсүнөн улам келин алып келген тамакты күйөө бала менен анын үй-бүлөсүнө кабыл алуу уят катары саналууда.

**Жыйынтыктар:**

1. Ош шаарында нике кыйгандан кийин өткөрүлүүчү салтанаттар аз сандагы адамдардын катышуусундагы иш-чаралар экендиги, бирок алардын мааниси чоң экени аныкталды;
2. Келиндин колуна май, аш салуу өңдүү нерселердин жүз ачуу жөрөлгөсү чоң салтанат экенине карабай, азайып жатканы белгиленди;
3. Келинди эптүү келин же септүү келин деп сынаса, күйөөлөрдү сынаган үрп-адаттар такыр эле кездешпей тургандыгы аныкталган;
4. "Хордик оши" сыяктуу майда иш-чаралар социалдык маанисин жоготуп, бүгүнкү күндө дээрлик көрсөтүлбөй жатканы аныкталды. «Келин чакыруу», «Күйөө чакыруу» иш-чаралары майда иш-чаралар катары каралып, тууган-урук, үй-бүлөлүк майрамдык иш-чарага өткөрүлүп берилери аныкталды;
5. Тойдон кийин "Ата көрдү" иш-чарасы акыркы беш жылда сейрек өткөрүлгөнү аныкталган. Тойдон кийинки «Жеңелер» активдүүлүгү да төмөндөп баратканы байкалды;
6. Өзбек элинин жашоо образынын улуттук каада-салттары өтө узак тарыхка ээ болуп жана Орто Азия элдеринин тарыхы, маданияты, жашоо образы бири-бирине абдан жакын деп

айтууга болот. Бирок ошол эле учурда бири-биринен айырмаланган түрдүү жөрөлгөлөрү бар экендиги аныкталды.

**Колдонулган адабияттар тизмеси:**


1. **Ахмедова (Охунова), Г.А.** Влияние процессов глобализации на трансформацию предсвадебных обрядов узбеков города Ош (Киргизия) [Текст] / Г.А.Ахмедова (Охунова) // Сохранение и изучение культурного наследия Алтайского края. – Барнаул, 2024. – С. 17-22.
2. **Сухарева, О.А.** Некоторые вопросы брака и свдебные обряды у таджиков кишлака Шахристан [Текст]: сборн. науч. кружка / О.А.Сухарева // Вост. фак. Средниаз.гос унив.- 1928. – 74 с.
3. **Сухарева, О.А.** Древние черты в формах головного уборов у народов Средней Азии [Текст] / О.А.Сухарева // Среднеазиатский этнограф. сборн. - Москва, 1954. - 306 с.
4. **Ташалиева, М.М.** Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү тою салты (XIX к. аягы – XX к. башы) [Текст]: Автореф. дис. … канд. ист. наук / М.М. Ташалиева.- Бишкек, 2021. -145 б.
5. **Шаниязов, К.Ш.** К этнической истории узбекского народа [Текст] / К.Ш.Шаниязов.- Ташкент, 1964. - 325 с.
6. **Шониязов, К.Ш.** Узбеки. Карлуки [Текст] / К.Ш.Шаниязов.- Ташкент, 1964. – С.151-152.
7. Информаторлор: Мамировдордун үй-бүлөсү. - Араван, 2023.


Поступила в редакцию: 19. 11. 2024 г.